КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ
С.ЮСУПОВА АЙЫЛ
ӨКМӨТҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН
С.ЮСУПОВОЙ АЙЫЛ
ОКМОТУ

# БУЙРУК
# РАСПОРЯЖЕНИЕ

28.08.2024 № 113 Араван айылы

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы “2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө” №137 Жарлыгын аткарууга алуу жөнүндө**

Коррупцияга каршы аракеттенүүнү күчөтүү, айыл өкмөтүндө коррупциянын алдын алуунун натыйжалуу механизмдерин колдонуу, коррупцияга каршы мыйзамдарды өркүндөтүү, минималдаштыруу боюнча туруктуу натыйжаларга жетүүгө багытталган чаралардын комплексин системалуу негизде ишке ашыруу жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы №137 Жарлыгын аткарууга алуу максатында **буйрук кылам:**

1. Араван районунун мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 5-августагы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы “2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө” №137 Жарлыгын аткарууга алуу жөнүндө 01-14/254 сандуу буйругун аткарууга алынсын.

2. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2025-2030-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу иш-чаралар планы (2025-2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилинде I-этап үчүн) тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери:

- С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2025-2030-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу иш-чаралар планы (2025-2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилинде I-этап үчүн) аткарууга алынсын;
- Стратегияга ылайык коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралар пландарын бекитсин.

4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн бөлүм башчысы Г.Мамытовага жүктөлсүн.

Башчы Н.С.Абдураимов

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2025-2030-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу иш-чаралар планы (2025-2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилинде I-этап үчүн)**

| № | Милдеттер | Иш-чаралар | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| **1.Коррупциянын алдын алуу максатында айыл өкмөтүнүн ишинин натыйжалуулугун жана ачык-айкындуулугун камсыздоо** | | | | | | |
| 1 | Айыл өкмөтүнүн ишинде айкындуулук жана ачыктык принциптерин бекемдөө | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлердин аракети (аракетсиздиги) үчүн коррурпциянын алдын алуунун ички системасын түзүү, мыйзамдардын сакталышына, кызматтык тартиптин абалына үзгүлтүксүз контролду камсыз кылуу аркылуу жоопкерчилигин бекитүү | 2025-жылдын 3-кварталы | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин кызматтык нускамаларына коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү чараларын көбөгөндүгү үчүн алардын жетекчилеринин жоопкерлигин жогорулаткан толуктоолор киргизилет | Орун басар-жооптуу катчы, Бөлүм башчы, ФЭБ башчы | Талап кылынбайт |
| 2 | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин коррупциялык мотивациясын төмөндөтүү | Жогорку квалификациялуу адистерди тартуу жана кадрдык потенциалды сактоо үчүн шарттарды жакшыртуу, айыл өкмөтүндө иштин кадыр-баркын жана жагымдуулугун жогорулатуу жана мамлекеттик башкаруу секторунда коррупциялык тобокелдиктердин болушун | 2025- 2027-жылдар | Муниципалдык кызмат орундарына кадрларды тандоо жана системаны жакшыртуу боюнча чаралар көрүлөт | Орун басар-жооптуу катчы, Айыл өкмөтүнүн конкурстук комиссиясы | Талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | төмөндөтүү боюнча чаралардын комплексин иштеп чыгуу | | | | |
| **2. Социалдык чөйрөнүн жана экономиканын тармактарында жарандардын мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара аракеттенүүсүндө коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алуу** | | | | | | |
| 1 | Социалдык чөйрөнүн жана экономиканын тармактарында жарандардын жергиликтүү бийлик менен өз ара аракеттенүүсүндө коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу | Жергиликтүү бийликтин жарандар жана жеке сектор менен өз ара аракеттенүү процесстерин автоматташтырууга багытталган ченемдик укуктук актыларга талдоо жүргүзүү, жол жоболордун жана чечимдердин кабыл алуу процесстеринин айкындуулугун жана ачыктыгын камсыз кылуу, коомдун маалымдуулугун жогорулатуу. | 2025-жыл | Жол-жоболордун айкындуулугун жана ачыктыгын камсыз кылууга, санариптештирүү фонунда талап кылган документтердин тизмесин кыскартууга | Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери | Талап кылынбайт |
| 2 | “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү аутсорсингте берүү бөлүгүндө өркүндөтүү | 1.Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекет тарабынан аккредиттелген жеке юридикалык жактарга берүү (аутсорсингте) мүмкүнчүлүгүн караган “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгууга катышуу | 2025-жылдын 1-жарым жылдыгы | “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамы кабыл алынды | Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери | Талап кылынбайт |
| | | 2.КРнын аткаруу бийлигинин жергиликтүү бийлик органынын аутсорсингди уюштуруу үчүн кызмат көрсөтүү боюнча функцияларына талдоо | 2025-жылдын 3- кварталы | Типтүү жобону бекитүү жөнүндө ЧУА кабыл алынган | Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери | Талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | жүргүзүүнү уюштуруу боюнча, ошондой эле айыл өкмөттүн муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрүн аутсорсингте берүүнүн вариантын аныктоо жана баалоо үчүн рыноктун даярдыгын талдоо тартибин аныктоо боюнча методикалык көрсөтмөлөрдү караган мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүгө юридикалык/жеке жактарды мамлекеттик аккредитациялоо жөнүндө типтүү жобону иштеп чыгуу | | | | |
| 3 | Жарандардын жергиликтүү бийлик органдары менен өз ара аракеттенүүсүндө коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алуу | Коррупцияга жол бербөө жана алдын алуу боюнча чараларды көрүү менен коррупциялык укук бузууларга байланыштуу айыл өкмөтүнө түшкөн кайрылууларды (даттанууларды) кароо жана талдоо жүргүзүү | 2025- 2027-жылдар | Ички укуктук актылар аркылуу коррупциянын алдына алуу чараларын көрүү менен кайрылууларга талдоо жүргүзүүнүн тартиби жөнгө салынат. | | |
| **3.Мамлекеттик каражаттарды башкаруу, финансылык контролдоо системаларын жана сатып алуу жолжоболорун өркүндөтүү** | | | | | | |
| 1 | Бюджеттик прецесстердин ачык айкындуулугун жогорулатуу, контролдоо системасын өркүндөтүү жана финансылык тарипти бекемдөө | Төмөнкүлөргө багытталган бюджеттик укуктук мамилелер чөйрөсүндөгү ЧУА ды колдонууга талдоо жүргүзүү:<br>-кирешелерди, бюджеттик бөлүнгөн каражаттарды түзүүнүн, мамлекеттик долбоорлорду ишке ашыруунун, салык жеңилдиктерин берүүнүн, муниципалдык менчик объекттерин | 2025-жылдын 2-жарым жылдыгы | Бюджеттин түзүлүшү, аткарылышы жана отчеттуулугу боюнча маалыматтар ачык болгон учурда, жарандар мамлекеттик каржылоого көбүрөөк ишеним арта башташат. Финансылык | Орун басар-жоопту катчы, ФЭБ башчы, Тиешелүү адистер | Талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | менчиктештирүү процесстерин ишке ашыруунун мыйзамдуулугун жана толуктугун камсыз кылуу; - бюджеттик документтерди жарыялоо аркылуу бюджеттин ачыкайкындуулугун жогорулатуу боюнча чараларды көрүү, бюджеттик каражаттардын чыгымдалышын контролдоо жана көзөмөлдөө механизмдерин бекемдөө, бюджеттик процесстерге жарандык коомду тартуу, жаңы санариптик технологияларды пайдаланууда жарандардын маалымдуулугун жогорулатуу | | агымдарды ачык көзөмөлдөө жана көзөмөл системасын күчөтүү аркылуу каражаттарды мыйзамсыз пайдалануу мүмкүнчүлүгү азаят. Бюджеттик каражаттарды рационалдуу жана максаттуу колдонуу камсыздалып, ыксыз чыгымдарга жол берилбейт. Каражаттар зарыл болгон тармактарга бөлүштүрүлүп, коомдук муктаждыктарды канааттандыруу деңгээли жогорулайт. Финансылык тартип сакталган шартта, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы узак мөөнөттүү пландарды натыйжалуу ишке ашырууга мүмкүнчүлүк алат. | | |

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ
С.ЮСУПОВА АЙЫЛ
ӨКМӨТҮ

723100 , Араван району ,
М.Султанов кочосу 45
Тел: +996(3231)5-08-31,
usupova.kg_35_aravan@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН
С.ЮСУПОВОЙ АЙЫЛ
ОКМОТУ

723100 , Араванский район ,
ул. М.Султанов 45
Тел: +996(3231)5-08-31 ,
usupova.kg_35_aravan@mail.ru

______________№ ____________

05.08.2024 № 01-14/254 катка

**Араван районунун мамлекеттик администрациясы**

С.Юсупова айыл өкмөтү Коррупцияга каршы аракеттенүүнү күчөтүү айыл өкмөтүндө коррупциянын алдын алуунун натыйжалуу механизмдерин колдонуу, коррупцияга каршы мыйзамдарды өркүндөтүү, минималдаштыруу боюнча туруктуу натыйжаларга жетүүгө багытталган чаралардын комплексин системалуу негизде ишке ашыруу жана Араван районунун мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 5-августагы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы №137 Жарлыгын аткарууга алуу максатында №01-14/254 буйругу аткарууга алынып, айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын 28-августа №113 буйругу кабыл алынган. Кабыл алынган буйруктун алкагында айыл өкмөтүнүн 2025-2030-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу иш-чаралар планы 2025-2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилинде I-этап үчүн бекитилди. Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлерине:

- С.Юсупова айыл өкмөтү 2025-2030-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу иш-чаралар планы 2025-2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилинде I-этап үчүн аткарууга алынышы;
- Стратегияга ылайык коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралар пландарын бекитүүсү милдеттендирилди.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы №137 Жарлыгын аткарууга алуу максатында топтоо папкасы ачылып ар бир аткарылган иштер боюнча маалыматтар топтолоорун билдиремин.

**Башчы** **Н.С.Абдураимов**

Г.Мамытова 0552071280

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-2/374, 02.09.2024

Кол койгон: Абдураимов Н.С., 30.08.2024

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**"С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛ ӨКМӨТҮ"**

723100, Араван району,
Эрке-Кашка айылы
М.Султанов көчөсү 45
Тел: +996(3231)5-08-31,
usupova.kg_35_aravan10@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**"АЙЫЛНЫЙ ОКМОТ С.ЮСУПОВОЙ АЙЫЛНОГО АЙМАКА"**

723100, Араванский район,
село Эрке-Кашка
ул. М.Султанов 45
Тел: +996(3231)5-08-31,
usupova.kg_35_aravan@mail.ru

__________№ ___________

04.07.2025 № 01-19/2080 катка

**Араван районунун мамлекеттик администрациясы**

С.Юсупова айывл өкмөтү Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июлундагы №137 "2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө" Жарлыгын аткарууга алуу боюнча Араван райондук мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 5-августундагы №01-14/254 сандуу буйругунун жана иш-чаралар планынын аткарылышы жөнүндө маалымат жиберет.

Тиркеме: буйрук 1 барак, иш-чара 9 барак, 1 нускада.

**Башчы** **С.Т.Дүмүров**

Г.Мамытова, 0552071280

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-2/678, 08.07.2025

Кол койгон: Дүмүров С.Т., 08.07.2025

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2025-2030-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу иш-чаралар планы (2025-2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилинде I-этап үчүн) аткарылышы жөнүндө 2025-жылдын 6 айлыгына карата маалымат**

| № | Милдеттер | Иш-чаралар | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Каржылоо булактары | Аткарылышы жөнүндө маалымат |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | |
| **1.Коррупциянын алдын алуу максатында айыл өкмөтүнүн ишинин натыйжалуулугун жана ачык-айкындуулугун камсыздоо** | | | | | | | |
| 1 | Айыл өкмөтүнүн ишинде айкындуулук жана ачыктык принциптерин бекемдөө | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлердин аракети (аракетсиздиги) үчүн коррурпциянын алдын алуунун ички системасын түзүү, мыйзамдардын сакталышына, кызматтык тартиптин абалына үзгүлтүксүз контролду камсыз кылуу аркылуу жоопкерчилигин бекитүү | 2025-жылдын 3-кварталы | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин кызматтык нускамаларына коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү чараларын көбөгөндүгү үчүн алардын жетекчилеринин жоопкерлигин жогорулаткан толуктоолор киргизилет | Орун басар-жооптуу катчы, Бөлүм башчы, ФЭБ башчы | Талап кылынбайт | С.Юсупова айыл өкмөтү өз ишмердүүлүгүндө айкындуулук жана ачыктык принциптерин бекем сактоону негизги багыттарынын бири катары карайт. Бул багытта төмөнкүдөй иштер жүргүзүлүп келет:<br>- Калк менен тыгыз байланыш: Жарандардын сунуштарын, кайрылууларын жана пикирлерин кабыл алуу үчүн айыл өкмөтүндө коомдук кабылдама иштейт. Ошондой эле, айыл тургундары менен жолугушуулар, жыйындар өткөрүлүп турат;<br>- Ири долбоорлорду ишке ашыруу алдында айыл |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | тургундары менен коомдук талкуулар уюштурулуп, элдин сунуш-пикирлери эске алынат;<br>- Айыл өкмөт башчысы жана адистер тарабынан жылдык отчеттор берилип, жарандар алдында аткарылган иштер тууралуу маалымат берилет. Бул аракеттердин бардыгы айыл өкмөтүнүн ишинде элдин ишенимин жогорулатууга, коррупцияга жол бербөөгө жана коомчулук менен ачык иш алып барууга багытталган. Айкындуулук жана ачыктык – бул сапаттуу башкаруунун негизги шарты болуп саналат. |
| 2 | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин коррупциялык мотивациясын төмөндөтүү | Жогорку квалификациялуу адистерди тартуу жана кадрдык потенциалды сактоо үчүн шарттарды жакшыртуу, айыл өкмөтүндө иштин | 2025-2027-жылдар | Муниципалдык кызмат орундарына кадрларды тандоо жана системаны жакшыртуу боюнча чаралар көрүлөт | Орун басар-жооптуу катчы, Айыл өкмөтүнүн конкурстук комиссиясы | Талап кылынбайт | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин коррупциялык мотивациясын төмөндөтүү – бул айыл өкмөтүнүн ишенимин жана ишинин ачыктыгын камсыз кылуудагы негизги багыттардын |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | кадыр-баркын жана жагымдуулугун жогорулатуу жана мамлекеттик башкаруу секторунда коррупциялык тобокелдиктердин болушун төмөндөтүү боюнча чаралардын комплексин иштеп чыгуу | | | | | бири. Бул максатта төмөнкүдөй чараларды көрүлдү:<br>- Кызматкерлердин киреше булактарын жана мүлктөрүн декларациялоо;<br>- Ар бир кызматкер жыл сайын кирешеси жана мүлкү тууралуу декларация тапшырышын камсыздалды. Электрондук башкарууну колдонуу аркылуу иш кагаздарын жасалмалоону болтурбоо. Ар бир кызматкер коррупцияга каршы ант берип, милдеттенме менен таанышып, кол коюп, иш жүрүшүндө ошол милдеттенмеге баш ийет. Милдеттенмени бузгандарга талапка жараша тартиптик жоопкерчилик каралат. Коррупция менен күрөшүү – бул бир гана жазалоо эмес, алдын алуу, айкындуулук, акыйкаттык жана жарандык катышуу аркылуу кызматкерлердин адилет иштешин камсыз кылуу болуп эсептелет. |
| **2. Социалдык чөйрөнүн жана экономиканын тармактарында жарандардын мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара аракеттенүүсүндө коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алуу** | | | | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Социалдык чөйрөнүн жана экономиканын тармактарында жарандардын жергиликтүү бийлик менен өз ара аракеттенүүсүндө коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу | Жергиликтүү бийликтин жарандар жана жеке сектор менен өз ара аракеттенүү процесстерин автоматташтырууга багытталган ченемдик укуктук актыларга талдоо жүргүзүү, жол жоболордун жана чечимдердин кабыл алуу процесстеринин айкындуулугун жана ачыктыгын камсыз кылуу, коомдун маалымдуулугун жогорулатуу. | 2025-жыл | Жол-жоболордун айкындуулугун жана ачыктыгын камсыз кылууга, санариптештирүү фонунда талап кылган документтердин тизмесин кыскартууга | Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери | Талап кылынбайт | Жарандар менен жергиликтүү бийликтин ортосундагы өз ара аракеттенүү процесстеринде коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу – ачыктыкты, мыйзамдуулукту жана жарандардын ишенимин камсыз кылуунун негизги шарты болуп саналат. Бул үчүн социалдык жана экономикалык тармактарда төмөнкүдөй чараларды көрүлдү.Кызматкерлердин жоопкерчилигин жогорулатып, кызматкерлерге коррупцияга каршы этикалык кодексти тааныштырылып жана Этика комиссиясы түзүлүп, аткарылышы көзөмөлдөгө алынган. Социалдык жана экономикалык тармактарда жарандар менен жергиликтүү бийликтин ортосундагы ишенимди арттыруу үчүн |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | коррупцияга каршы системалуу чараларды көрүү зарыл. Бул ачыктыкты, коомдук көзөмөлдү жана жоопкерчиликти бекемдөө менен ишке ашат. |
| 2 | “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү аутсорсингте берүү бөлүгүндө өркүндөтүү | 1.Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекет тарабынан аккредиттелген жеке юридикалык жактарга берүү (аутсорсингте) мүмкүнчүлүгүн караган “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгууга катышуу | 2025-жылдын 1-жарым жылдыгы | “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамы кабыл алынды | Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери | Талап кылынбайт | С.Юсупова айыл өкмөтү тарабынан мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү аутсорсинг аркылуу натыйжалуу уюштуруу жана сапатын жогорулатуу максатында төмөнкү иштер жүргүзүлдү:<br>Айыл өкмөтү тарабынан көрсөтүлүп келген кызматтарга талдоо жүргүзүлүп, аутсорсингге берүүгө мүмкүн болгон иштер (тазалык иштери, жарыктандыруу тейлөөсү, техникалык тейлөө, кээ бир административдик кызматтар ж.б.) аныкталды. Өзгөчө айыл аймактын ичин тазалоо кызматын аутсорсинг аркылуу уюштуруу |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2. КРнын аткаруу бийлигинин жергиликтүү бийлик органынын аутсорсингди уюштуруу үчүн кызмат көрсөтүү боюнча функцияларына талдоо жүргүзүүнү уюштуруу боюнча, ошондой эле айыл өкмөттүн муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрүн аутсорсингте берүүнүн вариантын аныктоо жана баалоо үчүн рыноктун даярдыгын талдоо тартибин аныктоо боюнча методикалык көрсөтмөлөрдү караган мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүгө юридикалык/жеке жактарды | 2025-жылдын 3-кварталы | Типтүү жобону бекитүү жөнүндө ЧУА кабыл алынган | Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери | Талап кылынбайт | сунуштары каралды. Аутсорсингге берүүдө келишим түзүү, кызматтын сапатын көзөмөлдөө жана аткарууну баалоо механизмдери иштелип чыгуу, келишимдерде жоопкерчилик, отчет берүү жана кызмат сапатына талаптар көрсөтүү сунушталды. С.Юсупова айыл өкмөтү мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү аутсорсинг аркылуу уюштурууда мыйзамга ылайык кадамдарды жасап, алгачкы аракеттерди көрүп, бул багыттагы иштерди мындан ары да өркүндөтүү боюнча аракеттерди улантууда. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | мамлекеттик аккредитациялоо жөнүндө типтүү жобону иштеп чыгуу | | | | | |
| 3 | Жарандардын жергиликтүү бийлик органдары менен өз ара аракеттенүүсүндө коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алуу | Коррупцияга жол бербөө жана алдын алуу боюнча чараларды көрүү менен коррупциялык укук бузууларга байланыштуу айыл өкмөтүнө түшкөн кайрылууларды (даттанууларды) кароо жана талдоо жүргүзүү | 2025-2027-жылдар | Ички укуктук актылар аркылуу коррупциянын алдына алуу чараларын көрүү менен кайрылууларга талдоо жүргүзүүнүн тартиби жөнгө салынат. | Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери | Талап кылынбайт | С.Юсупова айыл өкмөтү тарабынан коррупцияга каршы саясатты жүзөгө ашыруу жана алдын алуу максатында бир катар иштер жүргүзүлдү:<br>- Коррупциянын алдын алуу боюнча чаралар;<br>- Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери үчүн этикалык жүрүм-турум эрежелерин сактоо боюнча түшүндүрүү иштери өткөрүлдү. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүдө ачыктык жана айкындуулук принциптери бекемделди. Айыл өкмөтү коррупцияга каршы күрөшүү боюнча аракеттерди улантып, ар бир түшкөн кайрылууга дыкат мамиле кылуу, системалуу түрдө мониторинг жүргүзүү жана жарандардын |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | ишенимин арттыруу багытында иш алып барууда. |
| **3.Мамлекеттик каражаттарды башкаруу, финансылык контролдоо системаларын жана сатып алуу жолжоболорун өркүндөтүү** | | | | | | | |
| 1 | Бюджеттик прецесстердин ачык айкындуулугун жогорулатуу, контролдоо системасын өркүндөтүү жана финансылык тарипти бекемдөө | Төмөнкүлөргө багытталган бюджеттик укуктук мамилелер чөйрөсүндөгү ЧУА ды колдонууга талдоо жүргүзүү: -кирешелерди, бюджеттик бөлүнгөн каражаттарды түзүүнүн, мамлекеттик долбоорлорду ишке ашыруунун, салык жеңилдиктерин берүүнүн, муниципалдык менчик объекттерин менчиктештирүү процесстерин ишке ашыруунун мыйзамдуулугун жана толуктугун камсыз кылуу; -бюджеттик документтерди | 2025-жылдын 2-жарым жылдыгы | Бюджеттин түзүлүшү, аткарылышы жана отчеттуулугу боюнча маалыматтар ачык болгон учурда, жарандар мамлекеттик каржылоого көбүрөөк ишеним арта башташат. Финансылык агымдарды ачык көзөмөлдөө жана көзөмөл системасын күчөтүү аркылуу каражаттарды мыйзамсыз пайдалануу мүмкүнчүлүгү азаят. Бюджеттик каражаттарды рационалдуу жана максаттуу колдонуу камсыздалып, | Орун басар-жооптуу катчы, ФЭБ башчы, Тиешелүү адистер | Талап кылынбайт | 2025-жылдын ичинде айыл өкмөтү тарабынан бюджеттик тармактагы ачык-айкындуулукту камсыз кылуу, контролдоо механизмдерин жакшыртуу жана финансылык тартипти бекемдөө боюнча бир катар иштер аткарылды. Бюджеттик каражаттардын максаттуу жана натыйжалуу пайдаланылышын көзөмөлдөө үчүн ички аудит кызматы тарабынан пландуу текшерүүлөр жүргүзүлдү. Бюджеттик тартипти бузган учурлар аныкталган эмес, бардык чыгымдар мыйзам чегинде жүргүзүлдү.Айыл өкмөтүнүн эсепчи-кызматкерлерине финансылык тартип, мамлекеттик сатып алуулар жана отчеттуулук |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | жарыялоо аркылуу бюджеттин ачыкайкындуулугун жогорулатуу боюнча чараларды көрүү, бюджеттик каражаттардын чыгымдалышын контролдоо жана көзөмөлдөө механизмдерин бекемдөө, бюджеттик процесстерге жарандык коомду тартуу, жаңы санариптик технологияларды пайдаланууда жарандардын маалымдуулугун жогорулатуу | | ыксыз чыгымдарга жол берилбейт. Каражаттар зарыл болгон тармактарга бөлүштүрүлүп, коомдук муктаждыктарды канааттандыруу деңгээли жогорулайт. Финансылык тартип сакталган шартта, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы узак мөөнөттүү пландарды натыйжалуу ишке ашырууга мүмкүнчүлүк алат. | | | боюнча семинар-тренингдер жөнөтүлдү. |